**"Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин" Көзөмөлчүлүк кеңешинин № 1 жыйынынын**

**КАТЫШУУ БАРАКЧАСЫ**

Күнү: 25.04.2025-жыл. Жалал-Абад шаары.
Убактысы: 16:00
Өтүлүүчү орду: Бизнес-инкубатор
Баары: 11
Катышкандар: 11
Катышкан жок: –

| № | Кеңештин курамынын аты, жөнү | Иштеген жери жана кызматы | Катышкандыгын тастыктаган кол тамгасы |
|---|---|---|---|
| 1 | Алыбаев Эмилбек Курманалиевич | Швейцария Өкмөтү тарабынан каржыланган Хельветас жана Өнүктүрүү саясат институту биргеликте ишке ашырып жаткан“Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” долбоорунун Аксы району боюнча куратору | |
| 2 | Алымкулов Бегижан Номанжанович | Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Бизнести колдоо жана өнүктүрүү борборунун (Бизнес-инкубатор) директору, саяс.и.к. | |
| 3 | Далиев Авзалбек Махаматсалиевич | "Алока Дистрибюшн" жоопкерчилиги чектелген коомунун директору | |
| 4 | Камбаров Марс Бекенович | Кыргыз Республикасынын Каржы полиция кызматынын Жалал-Абад областы боюнча башкармалыгынын экс-башчысы, пенсионер | |
| 5 | Калчаев Ырысбек Өмүрзакович | Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы | |
| 6 | Каримов Азамат Абдукадырович | «Кыргыз Петролеум Компани» Жабык Акционердик Коомунун мунайды кайра иштетүүчү заводунун башкаруучусу | |
| 7 | Канназарова Айсулу Абасбековна | “Дени сак муун” коомдук уюмунун координатору | |
| 8 | Өмурзаков Сатыбалды Ашимович | К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин окуу иштери боюнча проректору, профессор | |
| 9 | Тилекеев Каныбек Аттокурович | Кыргызстан элинин Ассамблеясынын Жалал-Абад облусундагы төрагасы | |
| 10 | Эрматов Нурдин Манапович | Жалал-Абад облустар аралык «Бакыт» реабилитациялык борборунун директору | |
| 11 | Сулайманов Замирбек Байышбекович | Билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюз уюмунун Жалал-Абад областтык комитетинин каржы бөлүмүнүн башчысы | |

**"Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий-билим берүү өндүрүштүк комплекси"**

**Көзөмөлчүлүк кеңешинин 1-отуруму**

**Күнү:** 25.04.2025-ж.

**Убактысы:** 16:00

**Өтүлүүчү орду:** Бизнес-инкубатор

**Катышкандар:** офлайн -10, онлайн-1

**Күн тартибиндеги маселелер**

1. КРдин билим Берүү жана илим министрлигинин 2025-жылдын 24-мартындагы 1/7 Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигине караштуу мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын Көзөмөлчүлүк кеңештерин түзүү жөнүндө буйругуна ылайык ЖАМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин 1-отуруму, төрагасын, катчысын дайындоо жана иш планын бекитүү жөнүндө;

2. 2025-2026 окуу жылына карата билим берүү кызматтарына акы төлөө жана келишимдик акылардын тарифтик прейскурантын бекитүү боюнча;

3. ЖАМУнун айрым кызматкерлеринин эмгек акысына кошумча кошуу жөнүндө;

4. ЖАМУнун Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык факультетинин бюджеттик эмес атайын каражатынын сметасы, билим берүү кызматтарына акы төлөө жана келишимдик акылардын тарифтик прейскуранты боюнча маалыматы жана кызматкерлеринин эмгек акысына кошумча кошуу жөнүндө;

5. Ар түрдүү маселелер

**Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча:**

**Угулду:** КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин 2025-жылдын 24-мартындагы 1/7 Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын Көзөмөлчүлүк кеңештерин түзүү жөнүндө буйругуна ылайык ЖАМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин 1-отурумун кеңештин мүчөсү Алымкулов Бегижан Номанжанович ачып, алгач көзөмөлчүлүк кеңештин төрагасын шайлоо үчүн курамдан сунуш берүүлөрүн өтүндү жана кеңештин кийинки 3 жылга карата даярдалган иш планынын долбоору менен тааныштырды.

**Сөз сүйлөштү:** Көзөмөлчүлүк кенешинин мүчөсү Нурдин Эрматов төраганы шайлоо боюнча сөз сүйлөп, өзүнүн буга чейинки эки жолку Көзөмөлчүлүк кеңеште мүчө болуп келип жаткандыгын белгилеп, кыргыз элинин илгертеден келе жаткан салты катары курамдын аксакалы Тилекеев Каныбек Аттокуровичтин талапкерлигин сунуштап, Каныбек Аттокуровичтин бир топ жетекчилик кызматтарда иштеп келгендигин жана азыркы учурда Кыргызстан элинин Ассамблеясынын Жалал-Абад облусундагы төрагасы катары иштеп келе жаткандыгын баса белгилеп өттү.

**Сөз сүйлөштү:** Көзөмөлчүлүк кенешинин мүчөлөрү Омурзаков Сатыбалды Ашимович, Камбаров Марс Бекенович жана Калчаев Ырысбек Өмүрзаковичтер жогорудагы сунушту колдоорун айтышып, Каныбек Аттокуровичтин ЖАМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагалыгына талапкерлигин жактырып ачык добуш берүү менен бир добуштан Тилекеев Каныбек Аттокуровичти Көзөмөлчүлүк Кеңештин төрагасы кылып шайлашты.

Андан кийин жыйын жаңы шайланган төрага Каныбек Аттокуровичтин алып баруусунда жүрүп, Кеңештин катчылыгына университеттин кызматкери катары Алымкулов Бегижан Номанжанович бекитилди.

Ал эми Көзөмөлчүлүк Кеңештин долбоор катары даярдалган иш планы менен курамдын мүчөлөрүнө тааныштырылды жана катчы Бегижан Номанжанович иш план келерки үч жылга даярдалгандыгын белгилеп, иш планда бир жылда 3 жолудан кем эмес отурум өткөрүүнү киргизилгендигин жана чукул маселе чыгып калган учурда маселеге жараша отурум уюштурула тургандыгын айтып өттү.

Кеңештин курамы иш пландын долбоорун жактырып бекитүүгө сунушташты.

Көзөмөлчүлүк кенешинин курамы 1-маселени карап чыгып, угуп, талкуулап бир добуштан ачык добуш берүү менен

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. "Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин" Көзөмөлчүлүк Кеңешинин төрагалыгына:

1.1. Тилекеев Каныбек Аттокурович - Көзөмөлчүлүк Кеңешинин төрагасы;
1.2. Алымкулов Бегижан Номанжанович - катчысы болуп дайындалсын.

2. "Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин" Көзөмөлчүлүк Кеңешинин келерки үч жылга карата түзүлгөн иш планы бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигине бекитилген иш пландын көчүрмөсү жөнөтүлсүн.

Макул-баары
Каршы-жок
Калыс-жок

Чечим Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү тарабынан бир добуштан кабыл алынды жана бекитилди.

**Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча:**

**Угулду:** ЖАМУнун Каржылык-пландоо бөлүмүнүн начальниги Абдыкадыров П.: ЖАМУнун 2025-2026 окуу жылына карата билим берүү кызматтарына акы төлөө тарифтик прейскурантын түзүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө" жобосунун III бөлүгүнүн "Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин прейскуранттарын макулдашуунун жана бекитүүнүн тартибинин", Чет элдик студенттер үчүн билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин прейскуранты рыноктун коньюнктурасына ылайык өзүнчө иштелип чыгат 7-пунктуна ылайык жана башка ЖОЖдор менен салыштыруу менен жогорку 7-пункттун негизинде Кыргыз Республикасындагы башка ЖОЖдорунун студенттеринин келишимдик акылары менен салыштырылды, ошондой эле бүгүнкү күндөгү рыноктук шартты эске алуу менен түзүлдү.

Ошондуктан 2025-2026 окуу жылына карата билим берүү кызматтарына акы төлөө тарифтик прейскурантын Кыргыз Республикасынын жарандары боюнча инфляцияны эске алуу менен былтыркы 2024-2025 окуу жылындагы тарифтерге 2-6 пайызга чейин кошулду. Мисалы 34000 сом болгон келишимдик акылар 36000 сомдон даярдалды. Ал эми чет өлкөлүк студенттердин келишимдик акылары өзгөртүүсүз калтырылды, мисалы 250000 сомго медициналык полисти кошуу менен 261910 сомдон белгиледик. Башка адистиктер, бакалавр, магистранттардын жана колледждердин студенттеринин келишимдик акылары Кыргыз Республикасынын жарандарына коюлган бааны 2 эселөө менен, алыскы чет өлкөлүк студенттер үчүн алты жыл окуу программасы менен окуган медицина багытынын жогорку "Дарылоо иши", "Фармация" адистиктери боюнча 241910 сом, беш жыл окуу программасы менен окуган медицина багытынын жогорку "Дарылоо иши", "Фармация" адистиктери боюнча 261910 сом, башка адистиктер, бакалавр, магистранттардын жана колледждердин студенттеринин келишимдик акылары Кыргыз Республикасынын жарандарына коюлган бааны 2 эселөө менен эсептелинет. Келишимдик акылардан сырткаркы билим берүүдөгү кызмат көрсөтүүлөрдүн прейскуранты да 2024-2025 окуу жылында бекитилгендей (жатакана, которулуу, тикеленүү, жайкы семестр, дипломдун мукабасын жасоо, кабыл алууда документ үчүн төлөө акысы, академиялык тактамалар, курсттардын бардык түрлөрү) өзгөртүүсүз калтырып жатабыз (калькуляциялар түзүлгөн).

**Суроо:** Далиев Абзалбек Махаматсалиевич, Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөсү: Прейскурант боюнча тиешелүү мамлекеттик органдар менен макулдашуу болобу же өзүңөрдүн эсептөөлөргө ылайык жүргүзүлөбү?

**Абдыкадыров П.:** КРнын мыйзамдарына, КРнын Министрлер Кабинетинин токтомдоруна жана башка нормативдик документтерине ылайык түзүп жетекчилик тарабынан бекитилет. Бекитилгенден кийин көчүрмөсүн Билим берүү министрлигине жөнөтүп ошонун негизинде көзөмөлдөнөт.

Көзөмөлчүлүк кенешинин мүчөлөрү 2-маселени карап чыгып, угуп, талкуулап бир добуштан ачык добуш берүү менен

ТОКТОМ КЫЛАТ:

ЖАМУнун 2025-2026 окуу жылына карата бекитүүгө даярдалган тарифтик прейскуранты жана билим берүүдө акы төлөө менен кызматтары боюнча прейскуранты бекитүүгө сунушталсын.

Макул-баары
Каршы-жок
Калыс-жок

Чечим Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү тарабынан бир добуштан кабыл алынды жана бекитилди.

**Күн тартибиндеги 3-маселе боюнча:**
**Угулду:** Каржылык-пландоо бөлүмүнүн башчысы П. Абдыкадыров: ЖАМУнун кээ бир структуралык бөлүмдөрүнүн айрым кызматкерлеринин жумушу көп болгондугун эске алып, эмгек акысынын кызмат орду үчүн бөлүгүнө кошумча кошуп жатабыз. Атап айтканда "Имараттарды жана курулмаларды пайдаланууга берүү" бөлүмүнүн сектор башчысы (техникалык көзөмөл боюнча) Абылов Надырбек Айдаровичке, инженер-сметчик Холматов Нормамат Ташполотовичке жана "Коопсуздук техникасы, эмгекти коргоо жана жарандык коргонуу" бөлүмүнүн "Жетектөөчү адис (инженер куруучу)" Шабданов Эмилбектердин эмгек акысынын суммалык кошумчасына төлөнүп келген бөлүгүнө 10000 сомдон кошумчаларды кошуу менен 2025-жылдын 1-апрелинен тартып төлөп берүүгө;
ЖАМУнун алдындагы иновациялык билим берүү мектебинин социалдык педагог кызматкери Макеева Айгерим Шаршенбековнага пайыздык кошумчасына 20 пайыздык кошумча кошууга;
ЖАМУнун административдик-башкаруу кызматкерлеринин тарифтик-квалификациялык тизмесиндеги "Мамлекеттик тил" бөлүмүнүн башкы адис кызматын бөлүм башчы кызматына эмгек акысын өзгөртүүсүз калтыруу менен тарифтик-квалификациялык тизмеден алмаштырууга;
ЖАМУнун ректорунун кызматтык унаасынын айдоочусу Кудайбердиев Нурсултан Абдубакировичтин эмгек акысынын суммалык бөлүгүнө 3000 сом төлөнүп келген, ага 5000 сом кошуу менен 8000 сомдон эсептөөгө;
ЖАМУнун алдындагы Жалал-Абад колледжинин социалдык педагог жана аскерге чейинки даярдык жетекчиси буга чейинки 0,5 чен бирдикти 2025-жылдын 1-апрелинен тартып 1 штаттык бирдик менен эсептеп, эмгек акыларын штаттык бирдик катары эсептөөгө сунуштайбыз.
**Суроо:** Эрматов Нурдин Манапович, Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөсү: эмгек акыларды жогорулатууга эмне себеп болуп жатат жана каржы маселесин кандай чечесиңер?

**Абдыкадыров П.:** Бул кызматтардын эмгек акыларына кошумча кошуунун себеби университет ушул жылдын май айынан тартып үч жаңы имарат курууга сметалык долбоорлор иштелип чыгып даяр болгондуктан, башталат деп турабыз. Ошондуктан аталган кызматкерлердин жумушу жана жоопкерчилиги көп

болгондуктан жана жеке курулуш мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акыларына салыштыруу менен кошуп жатабыз.

Көзөмөлчүлүк кенешинин мүчөлөрү 3-маселени карап чыгып, угуп, талкуулап бир добуштан ачык добуш берүү менен

ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** "Имараттарды жана курулмаларды пайдаланууга берүү" бөлүмүнүн сектор башчысы (техникалык көзөмөл боюнча) Абылов Надырбек Айдаровичтин, инженер-сметчик Холматов Нормамат Ташполотовичтин жана "Коопсуздук техникасы, эмгекти коргоо жана жарандык коргонуу" бөлүмүнүн "Жетектөөчү адис (инженер куруучу)" Шабданов Эмилбектердин эмгек акысынын суммалык кошумчасына төлөнүп келген бөлүгүнө 10000 сомдон кошумчаларды;
**2.** ЖАМУнун алдындагы иновациялык билим берүү мектебинин социалдык педагог кызматкери Макеева Айгерим Шаршенбековнага пайыздык кошумчасына 20 пайыздык кошумча;
**3.** ЖАМУнун административдик-башкаруу кызматкерлеринин тарифтик-квалификациялык тизмесиндеги "Мамлекеттик тил" бөлүмүнүн башкы адис кызматын бөлүм башчы кызматына эмгек акысын өзгөртүүсүз калтыруу менен тарифтик-квалификациялык тизмеден алмаштырууга;
**4.** Кызматтык унаасынын айдоочусу Кудайбердиев Нурсултан Абдубакировичтин эмгек акысынын суммалык бөлүгүнө 3000 сом төлөнүп келген ага 5000 сом кошуу менен 8000 сомдон эсептөөгө;
**5.** ЖАМУнун алдындагы Жалал-Абад колледжинин социалдык педагог жана аскерге чейинки даярдык жетекчиси буга чейинки 0,5 чен бирдикти 2025-жылдын 1-апрелинен тартып 1 штаттык бирдик менен эсептеп, эмгек акыларын штаттык бирдик катары эсептөөгө жана 2025-жылдын 1-апрелинен тартып төлөп берүүгө сунушталсын.

Макул-баары
Каршы-жок
Калыс-жок

Чечим Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү тарабынан бир добуштан кабыл алынды жана бекитилди.

**Күн тартибиндеги 4-маселе боюнча:**
**Угулду:** ЖАМУнун Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык факультетинин башкы бухгалтери Алымкулова Б. факультеттин 2025-жылга карата бюджеттик эмес атайын каражаттарынын сметасын 37000,0 сомду түзгөнүн жана каражат негизинен келишимдик акылардын эсебинен түшөөрүн көрсөтүп берди. Ал эми 2025-2026 окуу жылына карата билим берүү кызматтарына акы төлөө жана келишимдик акылардын тарифтик прейскуранты боюнча маалымат берип, 2025-жылдын 1-февралынан тартып факультеттин кызматкерлеринин эмгек акысынын пайыздык кошумчасына 50 пайыздан кошуу жөнүндө түшүндүрмө берди. Буга чейин кызматкерлердин эмгек акысынын окладдынын эсебинен төлөнүп келген 100 пайыздык кошумчага 50 пайыз кошуу менен 150%дык кошуп жаткандыгын айтып каржы жетиштүү экенин белгиледи.

**Суроо:** Далиев Абзалбек Махаматсалиевич, Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөсү: факультетке түшкөн каражатты ЖАМУ тарабынан бөлүштүрүлөбү же өзүңөр эле чечим кабыл аласыңарбы?
**Угулду:** ЖАМУнун Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык факультетинин башкы бухгалтери Алымкулова Б: биз юридикалык жак болгондуктан бухгалтерия өзүбүздө, ал эми ЖАМУ өзгөчө статус алгандан тартып факультет катары ЖАМУнун көзөмөлчүлүк кеңешинин макулдугу менен иштеп жатабыз. Ошондуктан мындан ары каржылык маселелерди сиздер менен макулдашып чечим кабыл алабыз.

Көзөмөлчүлүк кенешинин мүчөлөрү 4-маселени карап чыгып, угуп, талкуулап бир добуштан ачык добуш берүү менен

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. ЖАМУнун Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык факультетинин 2025-жылга карата бюджеттик эмес атайын каражатынын сметасы боюнча маалыматы эске алынсын;
2. 2025-2026 окуу жылына карата бекитүүгө даярдалган тарифтик прейскуранты жана билим берүүдө акы төлөө менен кызматтары боюнча прейскуранты бекитүүгө сунушталсын;
3. Факультеттин кызматкерлерине 2025-жылдын 1-февралынан тартып эмгек акысынын окладынын эсебинен 50 пайыздык кошумча эсептелинип, төлөнүп берилсин.

Макул-баары
Каршы-жок
Калыс-жок

Чечим Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү тарабынан бир добуштан кабыл алынды жана бекитилди.

**Ар түрдүү маселелерде:**
**Угулду:** Каржылык-пландоо бөлүмүнүн башчысы П. Абдыкадыров: университет өзгөчө статус алгандан кийин каржылык башкаруу өз алдынча жүргүзгөндүктөн сатып алуулар боюнча ички жобо иштеп чыкканбыз жана бул жобо ЖАМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2025-жылы 31-январындагы жыйынынын №5 протоколунун чечими менен ***Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүлөөрдү сатып алуу*** боюнча жобо болуп кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 2024-жылдын 5-февралындагы №45 токтомуна ылайык өзгөчө статус алгандыбыздан сатып алуулар боюнча ички жобонун негизинде 200000сомго чейинки сатып алууларды түз жүргүзүү жөнүндө ал эми 200000 сомдон жогоркусун tenders.kg порталы менен иштөөгө мүмкүнчүлүк алдык бирок бул сатып алуулар Кыргыз Республикасынын сатып алуулар боюнча нормативдик актыларына ылайык жүргүзүлөт.
**Суроо: Сулайманов Замирбек-Көзөмөлчүлүк кенешинин мүчөсү**: Сатып алуулар кандай тартипте жүргүзүлөт?

**Жооп: Абдыкадыров Панарбек Муратбекович** ЖАМУнун ректорунун буйругунун негизинде сатып алуулар боюнча үч адамдан турган сатып алуу боюнча комиссиянын кароосунун жыйынтыгы менен жана жаңы ички жобого ылайык 200000сомго чейинки сатып алууларды түз жүргүзүлөт ал эми 200000 сомдон жогоркусун tenders.kg порталы аркылуу жүргүзүлөт. Бул портал негизинен мурдагы малекеттик сатып алуулардын порталы сыяктуу эле жүргүзүлөт.

Көзөмөлчүлүк кенешинин мүчөлөрү ар түрдүү маселени карап чыгып, угуп, талкуулап бир добуштан ачык добуш берүү менен

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

"Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин" товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү, сатып алуу боюнча ички ЖОБО бекитүүгө сунушталсын.

Макул-баары
Каршы-жок
Калыс-жок

Чечим Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү тарабынан бир добуштан кабыл алынды жана бекитилди.

Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасы Тилекеев К.А.

Катчысы Алымкулов Б.Н.